ҮЙЛӨНҮҮ ТОЙ

Сөзү: Гульнара Давлетованыкы

Обону Өмүрбек Рахмановдуку

Аткарган: Мелис Элебесов

Үйлөнүү той куттуу болсун,
Бак-таалайлуу болгула.
Кем болбостон бул дүйнөдө,
Көбөйгүлө толгула.
Турмуш сырын бирге чечип,
Кадырлашып, сыйлашып,
Көңүлдөрдү оорутпастан,
Көтөрүмдүү болгула.

Кол кармашып ынтымактуу,
Өмүр сүрүп өткүлө.
Көтөрүлүп даражаңар,
Дайым өнүп-өскүлө.
Сыр аягын махабаттын,
Колуңардан түшүрбөй,
Толуп турган ырыскыны,
Төкпөй-чачпай жүргүлө.

Ак сүйүүнү бийик тутуп,
Ак кууларга окшошуп,
Тамыр-бутак жайып бирге,
Башыңарга баш кошуп,
Астыңарды бала бассын,